# ТАКТАМА

Кара-Суу шаары 30.04.2024-ж.

Кара-Суу районунун прокурорунун орун басары С.Чыбышев, Кара-Суу РИИБнун ТКнун тергөөчүсү Э.Жапаров тарабынан кылмыш иш козгоодон баш тартылган 02-034-2024-001952 сандуу өндүрүш материалын көзөмөл иретинде окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү аныктадым.

Кара-Суу районунун Ак-Таш айылынынын М.Маматжанов көчөсүнүн 1-үйүнүн дубалына илинип турган, Кара-Суу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешинин депутаттыгына талапкер Орунбаев Турдубектин үгүт плакаты илинип тургандыктан, 2024-жылдын 28-апрель күнү саат болжолдуу 07:30 чамаларында, бир нече жергиликтүү тургундар, аталган даректеги үйгө барып зөкүрлүк кылып жана зомбулук кылып, плакатын алып салууну талап кылышкан жана аталган жарандардын тобу үйдүн ээси 10.12.1959-ж.т. Боркунова Мехман Аshировнаны уят сөздөр менен тилдеп, улуттар аралык араздашууну козготууга чакырыктарды таштап мыйзам бузгандыгы боюнча Кара-Суу РИИбдин нөөмөт бөлүмүнө билдирилген.

Бул маалымат, Кара-Суу РИИБдин КБРдин МЭЖне 28.04.2024-жылы саат 12:15 чамасында 02-034-2024-001592 саны менен каттоого алынган

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аталган материал боюнча көрсөтүлгөн окуяда эч кандай кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу 28.04.2024-жылы аталган бөлүмдүн тергөөчүсү Э.Жапаров тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынган.

Андыктан, аталган материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү иштери Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын сактоо менен жүргүзүлгөн, негиздүү жана мыйзамдуу, бузууга негиз жок.

Кара-Суу районунун прокурорунун<br>орун басары

**С.Чыбышев**

Сканировано с CamScanner